"МАКУЛДАШЫЛДЫ"

ОшМУнун ректору, профессор

К.Г. Кожобеков ____________

____________ 2023-ж

"БЕКИТЕМИН"

ОшМУнун профкомунун кеңешмесинде

токтом № ___ "___" ______ 2023-ж

Төрага А.Э. Саттаров ____________

**23-февраль Ата-Мекенди коргоочулардын күнүнө карата уюштурулуучу бильярд боюнча мелдештин**

**ЖОБОСУ**

**Мелдешти өткөрүү эрежелери:** Бильярд оюнун пропагандалоо, ОшМУнун күчтүү оюнчуларын аныктоо жана ден-соолуктарын чыңдоо.

**Мелдешти өткөрүү тартиби:** Мелдештин катышуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алып, ар бир факультет/коллеждерден 45 жашка чейинкилер бир группа, ал эми 45 жаштан жогоркулар бир группа болот. Башкача айтканда ар бир факультет/коллеждерден 45 жашка чейинкилер бир кызматкер, ал эми 45 жаштан жогоркулар бир кызматкер катышат. Оюнчулар чүчү кулак менен подгруппаларга бөлүнүшөт.

Мелдеш "**Москва пирамидасы**" эрежеси менен өткөрүлөт. Подгруппадагы оюнчулар ар бири айлампа иретинде беттешүү өткөрүшөт. Беттешүү 1 жеңишке чейин уланат жана подгруппада упайы боюнча 1-2-орунду ээлешкен **экиден** оюнчу кийинки турга чыгат. Эгерде подгруппада эки оюнчунун упайлары тең болсо, алардын өз ара беттешүүлөрү каралып, жеңишке жетишкен оюнчу жеңүүчү деп табылат. Эгерде подгруппада 3 же андан көбүрөөк оюнчунун упайлары тең болсо, подгруппадагы бардык оюнчулардын беттешүүлөрүндөгү киргизген жана киргизилген шарлардын айырмаларын эсептөө жолу менен аныкталат.

Кийинки турга чыккан оюнчулар **"Олимпийский"** системасы боюнча ойношот. Жеңишке жетишкен оюнчу кийинки турга чыгат, ал эми жеңилген оюнчу оюндан четтетилет. Беттешүүлөр эки жеңишке чейин уланат. Турнирге катышууга ар бир оюнчу **400 сомдон** кирүү акы төлөшөт.

**Сыйлоо:** Мелдештин жеңүүчүлөрүнө кубоктор, акчалай сыйлыктар, белектер, дипломдор тапшырылат. Мындан сырткары, баардык катышуучуларга жана күйөрмандарга ОшМУнун профсоюз комитети тарабынан эстелик белектер тапшырылат жана түшкү майрамдык тамак уюштурулат.

**Эскертүү:** *Ар бир катышкан кызматкер* ***ОшМУда 1,0 штаттык бирдикте (ОшМУда эмгек китепчеси)*** *болуусу зарыл, б.а. совместитель катыша албайт,* ***турнир 23-февралда саат 9.30 да*** *Ош шаарындагы* ***"КЛАССИК"*** *бильярд клубунда башталат.* ***Заявкасы жок же кечигип келген оюнчулар оюнга киргизилбейт.*** *Заявкалар, протоколу менен 21-февралга чейин ОшМУнун профсоюз комитетине тапшырылуусу зарыл.* **Ал эми 2022-жылы 1чи орунду алгандар (45 жашка чейинки, 45 жаштан жогорку) катыша албайт, себеби өткөн жылы ошондой чечим болгон, бир жыл дем алуу болсун.**

**ОшМУнун профсоюз комитети**